**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ СОКУЛУК РАЙОНУ**
**З. КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ КЕНЕШИ**

Чат-Кел а. Почтовая к. тел: (0-3134) 70-835, 70-834)
к/с: 4403051001000731 ОКПО 04509752
ИНН 01709199210151 kainazarova_ao@mail.ru

**АЙЫЛ АЙМАКА АЙЫЛНОГО**
**КЕНЕША ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ**
**СОКУЛУКСКОГО РАЙОНА**
**ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

с. Чат-Кель ул. Почтовая тел: (0-3134) 70-835, 70-834)
к/с:4403051001000731 ОКПО 04509752
ИНН 01709199210151 eainazarova_ao@mail.ru

---

## Эл депутаттарынын З.Кайназарова айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын I отуруму

## ТОКТОМ №1/1

27 январь 2023жыл.

З.Кайназарова айылдык кенешинин депутаттары 2023жылдын бюджетинин сметасынын бекитилүүсу жөнүндө ФЭБ башчысы К.А.Сатывалдиеванын маалыматын угуп жана талкуулап З.Кайназарова айылдык кенешинин кезексиз I отурмунун негизинде

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн 2023жылдагы жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү 23845,9 мин сом, анын ичинен тендөөчү грантты 13080,0мин сом,өздүк киреше 7265,9 мин сом, атайын эсеп 3500,0 мин сом болуп бекитилсин ;
( №1 тиркеме тиркелет )
2. З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн 2023жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгү 23845,9 мин сом бекитилсин;
( № 2 тиркеме тиркелет )
3. З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн 2024 – 2025жылдарга карата бюджеттин долбоорун чегерилүүчү тендөөчү грантты , атайын эсеп жана жергиликтуу каражатты эсепке алып , 2024жылга карата 25054,9 мин сом 2025 жылга карата 26847,7 мин сом бекитилсин ;
( №3 тиркеме тиркелет ).
4. 2023 жылга карата З.Кайназарова айыл өкмөтүндөгү бюджеттин чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер ( эмгек акы,социалдык фондуна чегерүүлөр, коммуналдык төлөмдөр , (көмүр ) каралсын.
5. З.Кайназарова айыл аймагындагы жылдык планды ашыгы менен аткаруу учурунда киреше бөлүккө түшкөн акча каражаты , З.Кайназарова айыл аймагындагы социалдык – маданий иш чараларды уюштурууга чыгымдоо каралсын;

6. Чыгымдарды үнөмдөөнүн натыйжасында жылдын акырында калган кирешелердин чыгымдардан ашкан суммасы 01.01.2023жылгы карата (бош калдыктар ) , негизги эсептен 3496,5 мин сом бекитилсин , жана атайы эсептен 209,4 мин сом бекитилсин.
( № 4 тиркеменин негизинде )
7. З.Кайназарова айыл окмотунун аппаратанын штаттык бирдик саны 2023жылга карата №1,№2 таблицага ылайык 6135,0 мин сом , маданият тармагы 2269,8 мин сом бекитилсин.
8. Республикалык бюджеттен түшкөн каражаттар туура бөлүштүрүлүп жана белгиленген багытта жумшалсын.
9. З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн башчысына иштин зарылчылыгына байланыштуу атайын каражаттан жана бюджеттик эсептен бир бөлүмдүн ичинен бир эсеп – чоттон ,экинчи эсеп - чотко которууга мыйзам чегинде уруксаат берилсин.
10.Бул токтомдун аткарылышын З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Сатывалдиева К.А жүктөлсүн.
11.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы З.Кайназарова айылдык кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
12. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.

Айылдык кенештин төр агасы Раимкулов И.М